. . . . . . . . . . .
«Ажалы жеткен өлбөйбү,
Алданын салган ишине,
Ар бир жандар көнбөйбү?»

(46-бет) дейт. Кеп мында поэманын диалог түрүндө түзүлүшү жөнүндө болбостон, каармандардын түшүнүгүндө ислам дининин орун алышы, алардын кийинки кирген диндик терминдерди кошуп сүйлөшү жөнүндө болуп жатат.

Фольклористика эпостор улам кийинки адамдардын турмушуна байланыштуу жаңы толуктоолорго учурап отурарын танбайт. Ошону менен бирге толуктоолор эки жол менен: катмар катары же жаңы идея менен көлөмү артып отурарын ырастайт. Орус элинин «Подсолнечное царство», «Ванька Удовкин сын», «Ждан-царевич» ж. б. былиналарынын алгачкы нускасы майда жөө жомоктордон өсүп чыккандыгы буга мисал болот. «Кожожаш» поэмасынын алгачкы нускасы жөнүндө айткан жолдоштордун ою да бир жерден чыгат[1]. Поэманын негизги идеясы адамдардын байыркы общиналык түзүлүштөгү турмушундагы түшүнүктөрдү көрсөтүп турат. Адепки адамдар жаратылыштын сырын ачып, айбандар менен күрөшүүгө алсыз болушкан. Ошондуктан айбандарга карата тотемдик түшүнүк өсүп чыгат. Дал ушундай байыркы түшүнүк «Кожожаш» поэмасынын негизинде жатат. Поэмадагы окуя укмуштуу мерген Кожожаш менен Сур эчкинин ортосундагы күрөштө өнүгөт. Элдин алгачкы түшүнүгү Сур эчкинин кайберендигин, анын адамдар сыяктуу турмушка ээ, инстинктен тышкары аң-сезимдүү экенин жана «касиеттүү эне» деген атак менен даңазалайт. «Кожожаш» поэмасынын экинчи басылышындагы баш сөздө «...айрым учурларда Сур эчкини «касиеттүү эне» катары баалоолор да бар»[2] деп Д. Сулайманов поэмадагы мындай көрүнүштөрдү терс көрүнүш катары карайт. Кебетеси, Сулайманов поэмадагы адамдардын алгачкы түшүнүгүнүн сакталганын азыркы түшүнүк менен алмаштырган окшойт. Поэмада Сур эчки жөн гана «касиеттүү эне» болбостон—ыйык, адилеттүү күрөш жүргүзүүчү болуп көрүнөт. Поэмадагы мындай түшүнүктөр алгачкы убактарда адамдар кайберенге чын эле ишенгенин жана андан корконун көрсөтөт. Элдик оозеки чыгармалардагы легендаларда көзгө атар мергендин жүрүш-турушуна, жүрөктүүлүгүнө кийиктин ээси—кайыптын «ашык» болгону жана аны менен бирге жашоого өзүнүн шартын айтканы, кээде бирге түнөп шаан-шөкөткө ка-

---

[1] Труды ИЯЛ, выпуск VIII, 1957 г. стр. 45. Статьи Д. Сулайманова. С. Мусаев, Ж. Таштемиров «Кыргыз адабияты» 8-кл. үчүн 1957-ж., 159-б. Кыр. ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу инв. № 1909. II том, 620-бет (Самариндин эмгеги).

[2] «Кожожаш», Кыргызмамбас, 1956-ж., 11-бет



нып, эртеси ээн талаа эрме чөлдө калганы айтылат. Чыгармадагы мындай көрүнүштөр элдин түшүнүгүнө байланыштуу сыйкырдуу күчкө, ыйык нерсеге белгилүү даражада жүгүнүү, андан коркуу шарттарын көрсөткөн. Буга моюн сунбай эрегишкен мергендер бир кырсыкка, бактысыздыкка учурап каларын даңазалаган. Элдик оозеки чыгармалардагы «Карагул, ботомдогу» Туташ мергендин «Кожожаштагы» Кожожаштын кырсыкка учурашы тотемдик түшүнүктүн салттуу үлгүсү болуп калган. Бирок адамдардын «касиеттүү» айбандарга үстөмдүгү элдик чыгарманын өзөгүндө жеңүүчү күч болуп кала берген. Элдик идеалдагы каргышка калып баласын аткан мерген сары убайымга батып кетпестен, өзүнүн алсыздыгына, карыгандыгына карабастан күңгүрөнүп мылтыгын алып аска таштан от чыгарып атып өзүнүн каарын, наалатын айтышы, жалама зоодо калган Кожожаштын баласынын «кун» алып кайтышы «адамдардын айбандардан ар убакта күчтүү болгонун[1]» далилдейт. Эгерде Сур эчки түшүнүктө «касиеттүү эне» болбосо окуянын өнүгүшү таптакыр башка болору, атактуу мергендин жөн гана атып алары түшүнүктүү эмес беле. Бардык жандуулардын «ыйык» башкаруучуларга ээ болгондугу, ал түгүл жансыз нерселер жөнүндөгү анимизмдик түшүнүктөр байыркы адамдардын жаратылыштын сырын али түшүнө элек мезгилине таандык экенин тарых ачык көрсөтөт. Элдик оозеки чыгармалар мындай түшүнүктөрдү өзүнө сиңирүү менен кылымдан-кылымга белек катары өткөзүп отурду. Элдик оозеки чыгармалардагы айбандар жөнүндөгү жана турмуштун ар түрдүү көрүнүштөрү жөнүндөгү ж. б. кереметтүү, укмуштуу жомоктор жалаң гана фантазиядан пайда болбостон адамдардын алгачкы түшүнүгүнүн «чындыгын» кымтып келгендиги далилди талап кылбашы мүмкүн. «Признаки эти дошли до нас в форме сказок и мифов, в которых мы слышим отзвуки работы над приручением животных, над открытием целебных трав, изобретением орудий труда[2]» — деп көрсөтөт М. Горький. Ошондуктан, поэмадагы алгачкы түшүнүктөрдүн сакталышын терс көз караш катары көрсөтүүгө болбойт, тескерисинче, ал ошол чыгарманын маңызын көрсөткөн, адамдардын алгачкы түшүнүктөрү жөнүндө кабар берүүчү баалуу материал катары каралышы керек. Поэмадагы мындай байыркы түшүнүк ошол убактагы адамдардын материалдык учурун сүрөттөгөн көрүнүштөр менен айкалышат. С. Конокбаевдин вариантында:

. . . . . . . . . .
«Кожожаштын тушунда,

---

[1] М. Горький «О литературе», Москва, 1953 г., стр. 636.

[2] Ошонун өзүндө—693-бет.

(Элдин—С. З.)
Мал сойгон менен иши жок[1]»
. . . . . . . . . . .

деген ыр жолдору кезигит. Бул ыр жолдору поэманын окуясы адамдар аңчылык менен күн көргөн кездеги турмушка таандык экенин баяндап турат.

Фольклордук чыгармаларда элдин үрп-адаты, салттары ошол элдин жашоо шартына карата өсүп өнүгүп келгени байкалат. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында кыз сүйгөнүн алма менен уруп өзүнүн жактырганын билдирүү салттары көрсөтүлөт. Мындай көрүнүштөрдү «Төштүк»[2], «Кожожаш» ж. б. чыгармалардан кезиктиребиз. Кыздын түбөлүк жарды «эркин» тандашы этнографиялык жана тарыхый материалдарга караганда энелик доорго таандык экени айтылат. «Кожожаш» поэмасында Зулайканын көрүнүшүн:

«Колуна кызыл алма алып,
Сынап турат келгенди,
Зулайка сындуу баласы»

—(15-бет.) деп сүрөттөйт. Жар тандоодо чубатууга салуу матриархаттын үстөмдүгүнүн айрым белгилеринин көрүнүшү катары көркөм чыгармада гиперболизацияланып поэтикалык образга ээ болгон. «Как известно, семейно-брачные отношения на более ранних ступенях развития первобытно-общинного строя определялись матриархатом, характеризуемым особым положением женщин в первобытных работах»[3] — деп көрсөтөт В. Я. Евсеев. Ал андан ары .. патриархальная историческая основа видна в тех мотивах... что не только муж входит в род жены, но и невесты свободно выбирают себе женихов и приглашают их в свой род».[4]

Бирок эпостогу мындай алгачкы көрүнүштөр кийинки кездеги өнүгүү доорлорунда турмуштагы үстөмдүк кылуучу укладдардын таасиринде өзгөрүлүүгө дуушар болгон. Кыздардын жар тандашынын эркин болушу биринчи уруудагы эркектин (күйөөнүн) экинчи урууга өтүшүн даңазалаган. Мындай көрүнүш хан, шаа, желмогуз менен элдик баатырдын ортосундагы күрөштү көрсөткөн «Төштүк» эпосунда терең сакталып калган. Кийинчерээк мындай мотивдер аталык доордун дүйнөгө көз карашынын негизине ылайыкталып шарттаткан. «Кожожаш» поэмасында «чубатууда» сынга толгон Кожожаш Каракожонун уруусунда Зулайка менен бирге туруп

[1] Кыр. ССР илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу инв. № 808.
[2] «Төштүк», Фрунзе, 1956-ж., 169-бет.
[3] В. Я. Евсеев. «Исторические основы карело-финского эпоса» книга 1, М.-Л., 1952 г., стр. 98.
[4] Там же, стр 100.



калбастан, өзүнүн кытай уруусуна Зулайканы алып келет. Поэмадагы айрым окуялардын маанисинин карама-каршы мааниде өнүгүшүнө коомдук шарт милдеттүү түрдө таасир этип турган. Энелик доордо эркектин күч күйөө болушу «өөн» «айың» көрүнбөсө, аталык доордо «күч күйөө» шылдыңдык көрүнүшкө өткөн. Ошондуктан элдик чыгармадагы өткөндүн элесин көрсөткөн, көз караштар коомдук көз карашка карата өзгөртүлгөн. Ошону менен бирге турмуштагы зарылдык талап кылып турган эненин, аялдын күчтүү ролу, баасы сакталып калган. Кожожаштын үйлөнгөндөн кийин иштеринин бардык кыймылдары Зулайканын кеңеши аркылуу ишке ашышы буга далил болот. «Кожожаштын» кээ бир вариантында (М: С. Конокбаевдики) эненин же жалпы эле аялдын ролунун коомдук иштерде жекелик мааниге өтүшү көрсөтүлүп, негизги чечүүчү күч аталык доордо үстөмдүк кылып турган аксакалдар аркылуу ишке ашканы сүрөттөлөт. Ал эми аялдардын патриархаттын үстөмдүгүнө моюн сунушу бардык варианттарда бирдей. Кожожаш коркунучтуу түшүн жору деп Зулайкага айтса:

«Катынга айтпай бул түштү
Карыга айтсаң болбойбу,
Калың элиң чогултуп,
Баарына айтсаң болбойбу,
Алтымыш жашап көбүрөөк,
Жүргөнгө айтсаң болбойбу»,[1]
. . . . . . . . . . .

—дейт. Мындай түшүнүк Алымкул Үсөнбаевдин вариантында карама-каршылыкка учурайт б. а. Зулайканын патриархатка моюн сунушу Кожожаш тарабынан четке калгылат. Ал эми Конокбаевдин вариантында патриархаттын үстөмдүгү салтанаттанат. Кожожаштын түшүн Зулайка жоруп коркунучтуу ишке барба деп асылат. Мергендик кумары туткан Кожожаш жакшылык жышаан уккусу келип айыл аксакалы Кутманга кайрылат. Кутман түштү:

«Ала баш деген бу теке
. . . . . . . . . . .
Атып келет экенсиң.
Көп олжого чырагым
Батып келет экенсиң[2]»

— деп жоруйт.

Кожожаш Зулайканын жалынган сөзүнө, төгүлгөн жашына карабай аттанып кетет. Сөз бул жерде «олжого батууга» кумарланган жана алданган Кожожаш жөнүндө эмес, аял менен айыл аксакалынын сөзүнүн күчү жөнүндө бара жатат. Кожожаш Зулайканы кандай жакшы көрбөсүн, анын сөзүнө

[1] А. Үсөнбаев, «Кожожаш», Кыргызмамбас, 1956-ж., 39-б.
[2] Көрсөтүлгөн фонду инв. № 808.

кандай ишенбесин, айыл аксакалы Кутмандын сөзү андан басымдуулук кылат, анын сөзүнө ишенүү, моюн сунуу милдет.

Мындай көрүнүштөр менен катар поэмада мергендин ролунун күчтүүлүгү айрыкча көрсөтүлөт. Поэманын алгачкылыгын белгилегенде окуу китепте[1] бул жөнүндө туура пикир айтылган.

Алгачкы адамдар өндүрүш куралдарынын эң төмөнкү баскычында жапайы аңдарга аңчылык кылууда коллективдүү түрдө аракет кылышкан. Ошондуктан табылга коллективдин энчисине өткөн. Бирок поэмада коллективдүү аңчылык көрсөтүлбөсө да 40 түтүн кытай уруусу Кожожаш мергендин аткан аңдарынын эти менен күн көрүшкөнү айтылат. Мындай көрүнүш поэманын негизи адепки замандарда эле, жеке менчиктин али бөлүнө элек мезгилинде пайда болгонун көрсөтөт. Дал ушул түшүнүктөр поэмадагы адамдардын эң эски көз караштары жана тотемдик түшүнүктөрү менен аныкталат. Эпикалык жана башка оозеки көркөм чыгармаларда адамдардын алгачкы түшүнүктөрү мифтик образдар аркылуу кийинки шаманизм, ислам диндери үстөмдүк кылган мезгилдерде да жашап келгени көрүнөт. Айрым изилдөөчүлөр кыргыз элинде тотемдин, шаманизмдин калдыктары ислам дини менен бирдикте Улуу Октябрь революциясына чейин жашап келгенин далилдешет[2].

Тотемдик түшүнүк «Кожожаш» поэмасында Сур эчкинин образы аркылуу ишке ашат. Кайыпка эрегишкен мерген соо калбасы, Сур эчкинин каргышы менен Кожожаштын аскага асылып өлгөнү аркылуу түшүндүргөн. Адамдардын алгачкы түшүнүгү, турмушу, жаратылыш сырларын али түшүнбөгөндүгү негизинде мындай ойлор закондуу болуп көрүнгөн. Поэманын экинчи бөлүгүндө, тактап айтканда, Молдожаштын иштерин баяндаган учур, поэманын биринчи бөлүгүндө ишке ашкан көз караштарды төгүндөйт. Сур эчкинин сыйкырлуу күчкө ээ экендиги четке кагылат, атасынан ашып түшкөн мерген Молдожаш Сур эчкини эч кыйынчылык тартпастан кармап алат.

Биздин оюбузча, Молдожаштын иштери кийинчерээк адамдардын түшүнүгү жаратылыштын сырларын ача баштаган мезгилде толукталган болуу керек. Мындай пикирди поэмадагы Сур эчкинин кайыптыгын жокко чыгарган көз караш менен (мындай көз караш сөзсүз кийинчерээк түзүлгөн) бирге «Кожожаштын» башка варианттары далилдеп турат. Мисалы, Сулайман Конокбаев менен Төлөмүш Жээнтаевдин варианттарында поэма Кожожаштын өлүмү менен аяктайт.

[1] С. Мусаев, Ж. Таштемиров «Кыргыз адабияты» 8-кл. үчүн окуу китеби, Кыргызокуупедмамбас, 1954-ж., 195-бет.

[2] Труды ИЯЛИ, Кирг. фил. АН СССР, Фрунзе, 1945 г., вып. 1 статья С. Ильясова «Пережитки шаманизма у киргизов», стр. 181.



Поэма алгачкы мезгилде азыркы бизге жеткен нускасындай болбостон, алда канча такталбаган мүнөздө болгондугу белгилүү. Биз жогорку айтылгандардан поэманын негизи адамдардын турмушунун эң байыркы тапсыз коомдук мезгилине таандык. Ал ошону менен бирге кийинки таптык коомдогу көз караштарды, ой-пикирлерди чарпый келген деп да айта алабыз. Ал эми поэманын эпикалык чыгарма катары түзүлүшү кайсы кылымга таандык экенин айтуу кыйын.

* * *

Эл көркөм чыгармаларды убакытты алдоо үчүн гана түзүшкөн эмес, ал чыгармалар аркылуу белгилүү бир ойду, идеяны турмушка ашырышкан. Ал чыгармадагы башкы идея чындыктан келип чыккан. Өндүрүш куралдарынын эң төмөнкү баскычында адамдардын жапайы айбандар менен күрөшүү коркунучтуу болгон. Ал коркунучтарды жеңүү үчүн биринчи иретте адамдардын жапайы айбандардан күчтүүлүгү жөнүндө ой жорулары, жомоктору түзүлүш керек эле. Байыркы адамдардын оозеки чыгармаларды жаратуудагы, маданий байлыктарды түзүүдөгү ролун А. М. Горький мындай деп белгилейт:

«Приемы самовоспитания и у первобытного человека были весьма просты: человек понимал, что ему необходимо стать сильнее зверя и, раньше чем научиться побеждать зверей, допускал эту возможность создавая сказки о победителях львов Самсоне и Геркулесе[1]».

М. Горькийдин бул көрсөтмөсүндө «Кожожаш» поэмасынын идеялык негизи жатат. Тактап айтканда, элдин «адамдардын айбандардан күчтүүлүгү» жөнүндөгү ою, кыялы ишке ашат. Поэмадагы окуянын өнүгүшү, кагылыштар борбордук каармандар: Кожожаш, Молдожаш, Зулайка, Сур эчкинин иштери аркылуу көрүнөт. Ошондуктан поэманын идеялык багытын ачууда биринчи иретте образдардын иштелип чыгышын, өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү талап кылынат.

Кыргыз элинин баатырдык эпосторунда дээрлик эки сюжеттик сызык: баатырдык тема жана сүйүү темасы идеялык-көркөмдүк негизин түзөт. Мындай сюжеттик өзөктүн бири борбордук орунда болсо, экинчиси аны толуктоочу катары кызмат кылат. Башкача айтканда, поэмадагы башкы каармандын максатын, артыкчылыгын бир жактуу гана көрсөтпөстөн, турмуштун ар түрдүү жактарындагы ордун көрсөтүү менен анын адамдык сапаты жөнүндө толук түшүнүк берет. Баатырдык эпостордо башкы каармандын төрөлгөндө эле адам-

[1] М. Горький «О литературе», 1953 г., стр. 189.

баныч менен чыга алган жок. «Касиеттүү» эчки бир бутунан ажырап жарым жан болуп калды. Поэмадагы дал ушул эпизод кайбергенге ок тийсе, башка кийиктердей эле кан чыгып, өлө турганын айгинеледи. Дал ушул эпизод кайберендин өлбөстүгү жөнүндөгү түшүнүктү, сыйкырдуулугун, касиеттүүлүгүн жокко чыгарды.

Кожожаштын образында башка фольклордук чыгармалардай эле гиперболизм элементи күчтүү орун алса да (м: Сур эчкини айлап жөө кубалашы, түтөтмө мылтык менен бирөө эмес жүз болсо, бирин койбой тергени ж. б. эпизоддору) анын образын фантастикалык образга көтөрө алган эмес. Айрыкча, Алымкул Үсөнбаевдин вариантында Кожожаштын образы кадимки турмуштагы адамдардай реалдуу. Ал адамдар башынан өткөргөн психикалык процесстерди: күлкүнү, кайгыны, кыйналууну, жеңүүнү, жеңилүүнү ж. б. башынан өткөрөт. Поэмада борбордук орунду Кожожаштын иштери, аракеттери ээлейт. Кээ бир майда деталдар Кожожаштын образын ачыгыраак көрсөтүш үчүн пайдаланылат. Мисалы, Кууказык мергендин начар жактарын көрсөтүү менен Кожожаштын мергенчилигинин чечемсиздиги ачылат. Жуушап жаткан Ала баш текени Кууказык аталбай койсо Кожожаш Ала башты баштап кырк улагын кырат. Кожожаш касташкан душманынын касиеттүүлүгүнөн коркпойт.

«Колуңдан келсе жутуп кой,
Карыптын жалгыз баласын»

—(58-бет) деп баштаган ишинен кайра тартпайт. Сур эчкини Ала-Тоону айланта кууп барбаган жери, баспаган тоосу калбайт. Ал чаалыгат, чарчайт. Бирок антташкан сөзүнөн кайра тартпайт. Поэмада ал мындай деп берилет:

«Азапта жүрөт Кожожаш,
Антташкан бир ооз тил менен».
(82-бет.)

Кожожаштын намыскөйлүгү, чыдамдуулугу, баатырдыгы чексиз болсо да табигаттын «сыйкырдуу» күчтөрүнө жасаган алгачкы аракети толугу менен иш жүзүнө аша алган жок. Ал «касиеттүү» эчкинин сыйкыры менен аскага асылып калды. Ал адамдардын түшүнүгүнүн алгачкы кадамын көрсөткөн иштерди, кара күчтөргө каршы биринчи кадамды жасады. Кожожаштын образы Прометей жөнүндө айткан В. Г. Белинскийдин айткандарын эске түшүрөт. Ал мындай дейт: «Прометею суждено было только начать великое дело, а не кончить его, он только очистительная жертва общего дела, а не торжество победителя. Он дал движение сознанию, которое без него коснело в недеятельности, но еще не видел результатов



сознания, он начал бороться, но ему суждена полная победа[1]».

Кожожаштын өлүмү адамдарга кейиш туудурса да, кара күчтөргө «касиеттүү» айбандарга адамдар үстөмдүк кыла алат турбайбы деген үмүттү пайда кылды. Поэмадагы айрым эпизоддор, Кожожаштын «күндөн күнгө чыңалып» Сур эчкини кубалашы, аны Кара кашатка барганда кармап алам деген үмүтү жалаң гана Зулайкага жолугуп калышы менен ишке ашпай калат. Кожожаштын Зулайкага жолугушунан пайдаланып «чөп башылап, суу ичип» Сур эчки кубаттанып карматкан жок. Бул Сур эчкинин күнүмдүк жеңиши гана болду. Кожожаштын ишин улантуучу экинчи каарман—Молдожаш төрөлдү. Поэманын негизги идеясын белгилөөчү Кожожаштын образынан Молдожаштын образын бөлүп кароого болбойт. Эки образдын бүтүн бир тутумдашынан, адамдардын кара күчтөрдөн күчтүүлүгү жөнүндөгү идея турмушка ашат.

Кыргыздын башка эпостук чыгармаларында да элдик баатырлардын ордун жоктотпоочу мурасчылары калат. Алар ата салтын улантууда жаңы идеяны, жаңы шартта ишке ашырат. «Кожожаш» эпосунда бул башкараак чечилет. Мында Кожожаш, Молдожаш айрым адамдар болгон менен образдын окшоштугу идеянын бирдиги аркасында келки бир образды түзөт. Молдожаштын образын жетектөөчү нерсе өч алуу идеясы. Өч алууга аттануу менен атасы тарабынан аткарылбай калган ишти улантат. «Кожожаш» эпосунун С. Конокбаевден, Т. Жээнтаевден жазылып алынган вариантында Молдожаштын иштери жөнүндө айтылбайт. Ошондуктан эпостун түпкү нускасында Молдожаштын образы болбогонбу деген шектүү суроо туулат. Биздин оюбузча, айрым фактылар Молдожаштын образы «Кожожаш» эпосунун ажырагыс бөлүгү болгонун ырастайт. «Кожожаш» поэмасы белгилүү бир келки идеяны турмушка ашырса да, айрым эки каармандын аракеттери аркылуу ишке ашат. Кожожаштын иштери айыгышкан күрөш менен өнүгүп отуруп ачуу трагедия менен бүтөт. Поэманын бүтүшү өзүнчө сезимдин тыныгуусун, учурдук тынчтыкты талап кылат. Элдик каармандын өлүмү өзүнчө жомокту түзгөн. Айрым айтуучулар поэманын биринчи бөлүмүн бүтүү менен токтотуп койгон. Мындай фактыны Т. Жээнтаевдин варианты далилдеп турат. Ал түгүл Жээнтаев Кожожашты али үйлөндүрбөй туруп өлтүрөт. Бул болсо Молдожаштын ишинен таптакыр үмүт үзүүгө алып барат. Ал эми Конокбаевдин варианты Кожожаштын өлүмү менен бүтсө да, кандайдыр жарык шоолага орун калтырып, үмүткөр кылат. Кожожаш өлөр алдында:

[1] В. Г. Белинский, Собр. соч. под редк. С. А. Венгерова, т. VI, стр. 471.

«Алганым Зулай керэээттин,
Алтайлык бала боюнда
. . . . . . . . . . . .
Алганым эркек төрөсө,
Атын койгун Молдожаш»[1]

— деп осуятын айтып өлөт. Поэма ушуну менен тамам болот. Бирок мында Молдожаштын иштери, аракети бүтүндөй айтылбай калганы сезилип турат. Ошондуктан Алымкул Үсөнбаев тарабынан жазылып алынган «Кожожаштын» варианты толук вариант болуп саналат. Молдожаштын образы поэманын ички иштеринин кагылышындагы логикасынан келип чыгат.

Эс тарта баштаган Молдожаш өзүнүн атасы Кожожаш экенин гана билет. Ал эмне болгон, кандай болуп өлгөн ал жөнүндө али кабары жок. Жаш кезинен жаанын артына түшүп айыл арасына келген карга, кузгунду тирүү кетирбейт. Жаа тартып ойноп жүргөн жеринен, кокусунан бешим ченде беш киши мылтыгын өңөрүп ак карлуу тоону бет алып кетип баратканын көрүп калат. Анын балалык ынтаасы алып учту. Мергендер Кожожаштын жайын Молдожашка айтып койду. Поэмада мындан ары Молдожаштын чарбалык иштерге араlаша турган түрткүнү ачты. Эпостук чыгармаларда айрым баатырлар атасынын жайын башка адамдардан атайы угуп энесинен тактап түшүнгөнү көрсөтүлгөн. Мисалы: «Манас» эпосунда таятасынын колунда тарбыяланган Семетей атасынын жөнүн Сарытаздан угуп келип Каныкейден сурайт.

Дал ушул эпостук ыкма «Кожожашта» да колдонулат. Молдожаш энесинен атасынын жөнүн толук уккандан кийин Сур эчкиден өч алууга аттанат. Молдожаш атасы сыяктуу ашкан мерген.

«Жаш кезинен жармашып,
Жаанын түштү артына.
Чындап атса тийгизет,
Тыйын эмес жартыга». (122-бет.)

Молдожаш жаштыгына карабастан атасы жөнүндө айтылган сөздөргө ынтаасын коюп угат.

«Короодон малды сойдурбай,
Кожожаш этти жегизген,
. . . . . . . . . . . .
Шыралга деп барганда
Атып койгон эчкисин,
Шыйрагын кеспей берген деп»
(123—124-бет.)

Кыргыз элинин партиархалдык-феодалдык турмушунда, айрыкча эркек баланын атасынын намысын талашуусу ошол

[1] Кыр. ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу инв. № 808, 55-б.



учурдагы турмуштун чындыгы менен айкалышкан. Урууччулдук, патриархалдык этика чындыкты сүйгөн, намысчыл баладан атасынын өчүн алууну биринчи планга алып чыгат. Молдожашты атасынын сөөгүнүн көмүлбөй калышы ого бетер намыстантат.

«Калыптыр сөөгү талаада,
Кагылайын атамдын,
Кабар албай тим койсом,
Кайрандын жалгыз уулу деп,
Калк айтсын кантип мендейди?».
(134-бет.)

Молдожаштын бардык тилеги, ою элдин максатына каршы келбөө Ал өзү элден чыгып одоно иш иштебестен, иштей турган иштерин элге кеңешке салып аткарат. Элдин кубаттоосу аркасында гана «касиеттүү» Сур эчкини издеп жөнөйт. Эл болсо: «Бали, рахмат жетимге,...», «Кайраттуу эрдин ишин көр» — деп, Молдожаштын ишин кубатташат. «Кожожаш» поэмасындагы бир негизги идеяга көңүл бурууга туура келет. Кожожаштын бардык аракети, иши элди багуу үчүн жумшалса да, өмүрүнүн акырында акылман Зулайканын, элдин «кой, барба» дегенине болбостон «касиеттүү» эчкини кууп кетиши белгилүү даражада элдин тилегине каршы туруу болгон. Ошондуктан, жеңишке жетүү күмөн болучу. Чындыгында Кожожаштын аракети трагедиялуу бүттү. Ал эми Молдожаш болсо адилеттүү иш үчүн, атасын өлтүргөн душманга элдин кубаттоосу аркасында жөнөйт. Бул учур чындыктын салтанаты менен бүтөт. Экинчиден, Кожожаштын образы элдин түшүнүгүнүн көрсөткүчү катары каралат. Мисалы: Кожожаштын образы менен ыйык, касиеттүү нерселерге каршы чыгууга болбойт деген идеяны ишке ашырышкан. Кийин элдин түшүнүгү турмушту байкоонун, үйрөнүүнүн аркасында «ыйык» нерселерди адамдардын багындыруусу мүмкүн деген жыйынтыкка келишкен. Дал ушул идея Молдожаштын иштери аркылуу турмушка ашат. Молдожаш «касиеттүү» Сур эчкини оңой эле кармап алды. Поэма Сур эчкинин Аш айран деген кызына Молдожаш үйлөнүп элине кошулушу менен бүтөт. «Кожожаш» поэмасында Молдожаштын образы менен касиеттүү кайберенди жеңүүгө болот деген идея ишке ашса да тотемдик түшүнүк толугу менен сакталып кала берди. Буга Молдожаштын эчкинин кызы Аш айранга үйлөнгөн окуяны көрсөткөн эпизод сонун мисал болот. Элдик оозеки чыгармаларда, айрыкча мергендер жөнүндөгү жомоктордо кайберендин энс катары чакырып туякка айран куюп бериши жана анын Аш айран деген чексиз сулуу кызы бардыгы айтылат. Мындай тотемдик—мифологиялык түшүнүк «Кожожаш» поэмасынын

корутунду бөлүмүндө негизин сактап калды. Поэмадагы мындай көрүнүштөр поэманын алгачкылыгын гана белгилейт.

Поэмада жалаң гана кара күчтөргө карщы күрөшкөн баатырдык тема поэманын идеялык-көркөмдүк негизин түзбөстөн, сүйүү темасы да көрүнүктүү орунду ээлейт. Поэмадагы бул эки сюжеттик линия бири-бири менен туташ бирдикте жашап турат. Бирок поэмада негизги окуя Кожожаш менен Молдожаштын баатырдык иштерине арналып, сүйүү иштери экинчи планда сүрөттөлөт.

Зулайканын эркин жар тандашы текебер хандын кызынын пазданышындай эмес. Ал атак, даңкты издеп, байлыкты эңсебейт. Зулайка өзү сүйүп, каалап турмуш кургусу келет. Жар тандоодо Зулайка чексиз укукка ээ. Зулайканын таламына каршы атасы же энеси тараптан контрасттык абал түзүлбөйт. «Төштүк» эпосундагы Гулайымдын жар тандашы атасы Көк дөөнүн кысымынын астында көп кайгылуу учурларга туушар кылат. Мында кыздын таламы атасынын таламына карамакаршы коюлган. Ал эми «Кожожаш» поэмасында бири-бирин жокко чыгарган мүнөздүн кагылыштары жок. Сөз бул жерде жалпы ,эле поэмадагы мүнөздөрдүн кагылыштары жөнүндө эмес, Зулайка менен атасынын ортосундагы мамиле жөнүндө баратат. Зулайканын чыныгы мүнөзү нөкөөр кыздардын бири Шабыр менен болгон кагылышта ачылат. Зулайка Кожожашты көрөр менен ашык болуп калды. Бирок ал ашык болгонун дароо билгизе койгон жок. Поэмада дал ушул татаал көрүнүш эң жогорку көркөмдүктө ишке ашат. Зулайканын «мергениң менин парымбы?» деген сөзү теңсинбегендигинен, жактырбаганынан келип чыкпайт. Бул сырткы гана жооткотуу. Анын мындай оюн чыныгы ашыктык жеңип кетет. Өзүнүн ашыктыгын Шабырга билгизгиси келбесе да:

«Жалгыз да болсо Кожожаш,
Жакшы эле дурус неме экен»

—(23-бет.) деп, аргасыздан айтып жиберет. Поэмада Зулайканын образы терең элдик көз караш менен сугарылган. Аялдарды жогору баалаган эл тарабынан гана Зулайкадай аялдын образы түзүлөт. Элдик чыгармадагы бир-биринен калышпаган Айчүрөктүн, Каныкейдин, Канышайдын, Жаңылдын, Сайкалдын образдары да эл тарабынан түзүлгөн. Зулайканын образы көркөмдүк жагынан булардан кем калышпайт. Зулайканын жөнөкөйлүгүндө, терең акылдуулугунда чек жок. Зулайканын акылдуулугун терең апыртуу менен «көзү ачык», «кереметтүү» адам кылып көрсөткөн. Алымкул Үсөнбаевдин вариантында Кожожашты өргөөдөн шыкалап көрүп Зулайка: «өткүр болот, мергендин, өмүрү келте, кем экен» деп Кожожаштын бир-эки жылда өлө турганын биле коёт. Поэмада Зулайканын бул болжолу туура чыгат. Эпостук чыгармаларда



алдын ала сезүү, өзүнүн өмүрлүк жолдошунун эмне болорун билүү акылман аялдардын образына таандык. «Манас» эпосунда да Каныкей Манастын тагдырын ачык көрүп турат. Ушундай эле «Төштүк» эпосунда Кенжеке Төштүктүн келечеги эмне болорун билет. Эпостогу мындай көрүнүш аялдардын акылмандыгын, билгичтигин, сезгичтигин жогорку көркөмдүктө, терең фантазия менен ишке ашыргандык гана болот. «Кожожаш» поэмасын айтуучулардын кээ бирөө Зулайканын акылмандыгын көрсөткөн дал ушундай сонун фантазияны кийинки кездердеги диндик түшүнүк менен алмаштырып жиберген. Мисалы: С. Конокбаевдин вариантында Зулайка «Азиз хандын пери»[1] болгондуктан, бал китебин ачып билип турат.

Зулайка эл баккан Кожожашты жактырып турмушка чыгат. Зулайкага жетпей ичи күйгөн керилген кээ бир мырзалар:

«Чарыктууга тийди деп,
Чапаны жокту сүйдү»

—(27-бет.) деп ушак тарата баштайт.

Аны уккан Зулайка:
«Көк жекеден көп өйдө,
Көрөмүн бутта чарыкты,
Көк жалды кылбайм айрыбаш,
Көчөдө бүтүн калыкты.
Кийимге тиер болгондо,
Мурун киши жок беле кийингем,
Чарыгын көрүп чочуба,
Мергендин чамасы мага билинген.
Жаман жакшы болобу,
Жакшына кийген кийимден».

— (26-бет.) деген акылмандык сөзүн айтат. Поэмадагы ушул строктор Зулайканын ички дүйнөсүн бүт ачып берди. Зулайканын дүйнөгө болгон көз карашы, адилеттүүлүктү, сулуулукту түшүнүүсү Кожожаштын көз карашы менен бап келди. Кожожаш да, Зулайка да:

«Жаман жакшы болобу,
Жакшына кийген кийимден»

—(26-бет.) деген түшүнүктү эки башка шартта бирдей эле кайталады. Адамдарды түшүнүүдө элдик философия дал ушул татынакай чындыкты негиз кылат. Поэмада дал ушул көз карашты ишке ашыруу менен ээзүүчүлөрдүн «Торко кийген мырзалардын» «чарыктуу» букара, кедейлерден өйдө турган оюн жокко чыгарып, адамдык сапат кийимге байланышпай турганын далилдеди.

Зулайканын образы адамды чексиз куштар кылып кандайдыр жанга жагымдуу таасир калтырат. Поэмада ал көп деле

[1] «Кожожаш» айтуучу Конокбаев С., Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 808.

аракеттерди иштебейт, негиздүү жерлерде Кожожаштын тагдырына байланыштуу иштерине кийлигишип акылдын татынакай үлгүлөрүн айтат. Кожожаштын башына мүшкүл түшүп, азап чегип жүргөндө жүрөгү чыдабай издеп чыгат. Поэмада ырдын жакшы жарга койгон таламы бар.

Ал талап:

«Эр үчүн азап тартпаса,
Эси жок аял жар эмес»

—(85-бет.) деген талап. Бул талапка Зулайка толук жооп берет. Зулайканын мындай кагылыштарга туушар болушу поэманын ички логикалык өсүшүнөн чыгат да, алдындагы жана артындагы окуяларга чиркелишип бүтүндөй бир келкиликти түзөт. Азапка башын салып, ачкадан өңү саргайып Кожожашты издеп жүргөн Зулайка оор күндөрдө беттеген ишинен баш тартпайт. Анын чыдамдуулугу адамды таң калтырат.

Ал мерген менен Сур эчки басып өткөн жердин көбүн кыдырып чыгат. Анын басып өткөн жерлерин поэмада укмуштуу эпикалык сүрөттөө менен көрсөтөт.

«Карагайлуу тоо менен,
Кара аркар жүрбөс зоо менен,
Капчыгайдан суу аккан,
Жаңырып таштар чуулдайт.
Жан жүрбөгөн коо менен:
Эл жүрбөс ээн талаада,
Эчкилер жүргөн жол менен
Таманы кара чор болуп,
Таалайына шор конуп,
. . . . . . . . . . . . .
Талаада жүрөт кор болуп».
(86—87-бет.)

Ушул айтылгандын бардыгы Зулайканын адам жүрбөс жерлерде элес-булас көрүнүп, катуу азап тартып жүргөнүн колго сала койгондой көрсөтүп турат. Бул көрүнүштөн кийин Зулайканын ким экендигин мурункудан да терең түшүнөсүң. Анын сүйгөн жар үчүн жанын кечкен сонун сапатына суктанасың, оор абалдагы көрүнүшүн көрүп бооруң ачыйт. Зулайкага жан ачыгандык сезим улам көтөрүлө берет. Анын көксөгөн тилегине жетпей, Кожожаштан айрылып калышы жанынды ого бетер кашайтат. Ошентип, Зулайка акылы, чыдамдуулугу менен жылдыздуу көрүнсө, оор абалда калуусу менен аянычтуу... Поэмада Зулайканын ички сезимин көрсөтүү үчүн көп убактарда элдик кошокторго да кайрылат. Ал кошоктор учурдагы чындыктарга айкалышып турат. Дал ушундай майда деталдар биригип отуруп акылман адамдын образына күчтүү эмоция, өчпөс ыраң берет.

«Кожожаш» поэмасында оң образдардан башка борбордук



орунду ээлеген терс каарман — кайберен Сур эчкинин образы да жеткиликтүү иштелген. Бирок эл сүйгөн каармандар Кожожаш, Молдожаштын образдарына карама-каршы коюлган Сур эчкинин образына мамиле кылууда башка эпостук чыгармалардагы терс каармандардай кароого болбойт. Мисалы: «Төштүк» эпосунда Көк дөө, Кара дөө, Чоюн кулак, Жез кемпир ж. б. терс каармандар элдин чыныгы душмандары, алар элди эзип канын сыгып турат. Ошондуктан эпосто алардын кебете-кешпири да, иштери да адам жийиркенерлик жек көрүмдүү сүрөттөлөт. Ал эми «Кожожаш» поэмасында Сур эчкинин образы башкача түзүлгөн. Мындагы элдик каармандарга каршы турган кайберген элдин өзүнө тикеден-тике жаманчылыкты каалабайт, айрым элдик каарманга, (Кожожаштай) каршы турууда да белгилүү бир адилеттүүлүктү талап кылат. Ал мергендин чексиз кайраттуулугун, адамдык сыймыктуу күчүн ысапсыз катары кабыл алат. Сур эчки «Кырк улагымды кырсаң да Ала баш текемди берип кет» деп Кожожашка жалынып зарлайт. Поэмада дал ушул эпизод өтө аянычтуу сезим туудурат. Элдин алгачкы түшүнүгү дал ушул эпизоддо Сур эчкинин иштеринин аракеттери оң адилеттүү ишке алып чыгат. Асанкайгычылдык көрүнүш дал ушул эпизоддо толук күчүн сактап калган.

Элдик оозеки чыгармаларда образдардын түзүлүшүнө ошол учурдагы элдин дүйнөгө болгон көз карашы, түшүнүгү сөзсүз чечүүчү таасир тийгизет. Дөө, перилер жөнүндөгү түшүнүктүн: элдик чыгармаларда бир учурда оң, адилеттүү иштерди, экинчи учурда терс, адилетсиз иштерди иштеши да коомдук өсүүдөгү адамдардын ошол учурдагы түшүнүгүнө байланыштуу чечилгенин билүүгө болот. «Кожожаш» поэмасындагы Сур эчкинин образынын «ыйык» жаралышы да адамдардын байыркы тотемдик түшүнүгүнүн негизинен келип чыккан. Ошондуктан «ыйык» кайберен Сур эчкиге Кожожаштын катылышы өлүмгө туушар кылган. Поэмада Сур эчкинин «ыйыктыгын» ачык эле көрсөтөт.

«Эчки да кайтпай сөзүнөн,
Каршысына келди дейт,
«Кана мерген, атчы» деп,
Кайкайып туруп берди дейт».
(59-бет.)

Жамбы атса жаза кетирбеген Кожожаш:

«Түтүнүн баштан арытпай,
Түрдүү кылып шыкаалап,
Тийгизе албай эчкиге»
шайы кетет. (59-бет.)

Сур эчкинин мындай өзгөчөлүгү жалаң гана Кожожаш аталбай койгондуктан эмес, аны атайы сая кууган кишини сыйкыр

менен аскага таштап кеткенде да турат. Алгачкы адамдардын тотемдик түшүнүгү жалаң гана кийиктин ээсин бар деп билбестен, бардык малдын, ал түгүл айрым эгиндин, жемиштин ээлери бар деп түшүнгөндө турат. Мисалы: байлык-бакытты берүүчү «кызыр», жылкынын ээси «Камбар ата», уйдуку «Зеңги баба», койдуку «Чолпон ата», эчкиники «Чычаң ата», төөнүкү «Ойсул ата», эгиндики «Баба дыйкан» ж. б. Дал ушундай мифтик түзүлүштөгү образдар чыгармаларда кандай гана сыйкырдуу касиетке ээ болбосун, адамдардын турмушундай турмушка, ал түгүл мүнөз жагынан дагы окшоштугу айтылат. Аларда бар болгону турмуш өзгөчөлүгүнө байланыштуу айрым өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт. Кайберген Сур эчкини Молдожаш кармап алгандан кийин ага жалбарып кечирим сурап өз үйүнө ээрчитип барат да туякка айран куюп берет. Туяктагы насип эч түгөнбөйт. Ал эми поэмадагы Сур эчкинин «үй турмушу», «кыз бериши» адамдардын турмушуна эң окшош. Молдожашты «жезде» деп кулагын чоюп жатып кызартып коюшат. Мындай адамдардын үрп-адатындагы айрым түшүнүктөрдү кээ бир айтуучулар ар түрдүү деңгээлде кошкон. Мисалы, Алымкул Үсөнбаевдин вариантында Молдожаштын Ашайраңга үйлөнгөн жери атайы Кожожаштын Зулайкага үйлөнгөнүндөй майда-чүйдасынан бери сүрөттөлгөн. Ал эми С. Конокбаевдин жана Т. Жээнтаевдин вариантында Молдожаштын иштери, аракети жок болгондуктан, Сур эчкинин сезим жагынан адамдарга окшоштугу сүрөттөлөт да Молдожаштын үйлөнүү учуру айтылбайт. Сур эчки кадимкидей түш көрүп, анын маанисин Ала баш текесине айтып, Кожожаш мергенден качып кетүүсүн өтүнөт. «Кожожаш» поэмасында Сур эчки жөнүндө эки мүнөздөмө, эки ой туулат: биринчиси, жалпы эле кайберен кийиктин эти адамдардын тамагы катары колдонулушу, ошондуктан, адамдардын кийикти атып алышы закондуу көрүнүш катары каралып, мергендердин мергенчилик кылышы адилеттүү аракет катары таанылышы, экинчиден, Сур эчкинин ыйыктыгы, анын адамдарга жамандык каалабашы, өзүн жоготууга аракет кылган душмандан алыс качууга аракет кылышы, ошонун аркасында Сур эчкинин иштеринин адилеттүү көрүнүшү. Дал ушул татаал көрүнүш Сур эчкинин образы аркылуу чечилет. Сур эчкинин образы өтө татаал. Бул татаалдык адамдардын алгачкы түшүнүгүнө байланыштуу кайберенди бир четинен ыйык көрсө, экинчи учурда (албетте кийин) адам баласы кайберенди багынтууга болот дегенинде турат. Бирок айрым эмгектерде, мисалы, Г. Самарин Сур эчкинин образын бир жактуу караган. Ал мындай дейт: «Через всю поэму проходит мысль о том, что чудесная коза — враг человека[1]». Г. Самарин поэмадагы негизги чындыкты — адамдардын поэманын алгачкы үлгүсүн жараткан мезгилдеги түшүнүгүн эске албайт. Адамдардын алгачкы тотемдик түшүнүгүнүн негизинде түзүлгөн мифологиялык образдар бар. Ал образдарды адамдар душман катарында, адамдарга бактысыздыкты алып келүүчү күч катарында көрсөтүп аларды жоготууга чакырбайт. Тескерисинче, оозеки чыгармаларда орун алган мифологиялык образдар «ыйык» деген наам менен ар убакта аларга тийбөө керек, адамга алар жаманчылык каалабайт, качан гана адамдар өзү катылса бактысыздыкка туушар болот дешет. Ал түгүл эл төрт түлүк малдын көбөйүшү да мисалы, төөнүн ичинде «Ойсул ата», жылкынында «Камбар-ата», койдукунда «Чолпон ата», эчкиникинде «Чычаң ата», уйдукунда «Заңги баба» болгонуна байланыштуу деп түшүнүп келишкен. Демек, мифологиялык образдар адамдарга бакыт берүүчү күч катарында каралган. Ушундай эле мүнөздөмөнү поэмадагы кийик ээси — кайберен Сур эчки жөнүндө айтууга болот. Мергендер жөнүндөгү жомоктордун бардыгында кайберен адам баласына келишпес душманы катарында сүрөттөлбөйт. Ал алгачкы убактарда кийиктин тукумун өтө түгөтүп бараткан мергендерге эне кейпинде жолугат да, көп атпоо жөнүндө эскертүү жасайт. Ал эскертүүгө каршы турган мергендер кыйынчылыкка учурайт. Дал ушул көз караш «Кожожаш» поэмасынын борбордук орундарынын биринде турат. Кайберенди «ыйык» тутуу — бул аны душман деп билүү эмес.

Бирок «Кожожаш» поэмасындагы Сур эчки жалпы турмуштагы стихиялуу күчтөрдүн өкүлү катары каралышы, адамдардын алар менен тынымсыз күрөш жүргүзүп турушунун милдеттүүлүгү, адамдарга керектүү каражаттарды өндүрүүгө тоскоолдук кылышын эске алганда сөзсүз терс образ катарында каралышы керек. Бул «ыйык» тоскоолдукту жеңүүгө Кожожаш биринчи демилгечи болот. Анын аракети ишке ашпай калды. Алгачкы адамдардын түшүнүгүндөгү кайберендин «ыйыктыгы» салтанаттанат. Турмушка терең тааныша баштагандан кийин айрым стихиялуу күчтөрдү, оңой эле жеңүүгө боло турганын адамдар түшүнүшкөн. Мындай түшүнүк Молдожаштын образы менен ишке ашат. Биздин оюбузга, «Кожожаш» поэмасында Сур эчкини башынан аягына чейин адамдын душманы катарында көрсөтүп отурбайт. Биринчи орунда анын душмандыгынан «ыйыктыгы» өйдө коюлган, экинчиден, айрым учурларда анын күрөшү адилеттүү күрөш катары көрүнөт. Буга Кожожаш Сур эчкинин кырк улагын кырып койсо да капа болбостон Ала баш текемди гана таштап кой деп

[1] Г. Самарин. «Киргизские эпические поэмы», Кыр. ССР илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 1909.